Лаа илаха иллаллааху, чоң жамандык жакындап келе жаткан араптардын шору курусун. Бүгүн Йажуж менен Мажуждун тосмосунун ушунча жери ачылды

Зайнап бинт Жахш (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Бир жолу Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чочулагандай түрү менен кирип келип мындай деди: "Лаа илаха иллаллааху, чоң жамандык жакындап келе жаткан араптардын шору курусун. Бүгүн Йажуж менен Мажуждун тосмосунун ушунча жери ачылды" деп, сөөмөйүн баш бармагы менен бириктирип эки манжасынын ортосундагы кичине жылчыкты көрсөттү. Зайнаб бинт Жахш айтат: "Мен ага мындай дедим: "О, Аллахтын элчиси, биздин арабызда салих адамдар болсо деле кыйроого учурашыбыз мүмкүнбү?"" Ал: "Ооба, эгер бузуку иштер күнөөлөр көбөйүп кетсе" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялы Зайнаб бинт Жахштын бөлмөсүнө чочулап, корккондой түр менен кирет. Анан алдыда жаман иштин болорун, андан бир гана Аллахка жалбаруу менен кутулууга болорун билдирип: "Лаа илааха иллаллааху" дейт. Анан минтип айтат: Араптарга вайл болсун, бир жамандыктын ишке ашарына аз калды. Бүгүн Йажуж менен Мажуждун Зулкарнайн тосуп кеткен тосмосу ушунча өлчөмдө ачылды деп, баш бармагы менен сөөмөйүн бириктирип, ортосунда пайда болгон жылчыкты көрсөттү. Зайнаб (ага Аллах ыраазы болсун): "Арабызда ыймандуу, саалих адамдар бар болсо, Аллах кантип бизди кыйратып жиберсин? деп сурайт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага мындай дейт: Эгерде бузукулук, жамандык, күнөөлөр, зына кылуу, арак ичүү ж.б. көбөйүп кетсе, Аллах Таала адамдардын баарын чогуу кыйратат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3145